# Бул өмүр

с.Торгой Асанов

о.Туратбек Дүйшеев

Белекке берген өмүрдү

Татыктуу жашап өтөлү

Карасаң кыска бул өмүр

Сый конок болуп кетели

Берилген ушул өмүрдөн

Баарыбыз бир күн кетебиз

Бирөөлөр эрте бирөө кеч

түбөлүк жайга жетебиз

Жылаңач келип дүйнөгө

Кийими жок кайра кетебиз

Жыйсак да байлык дүнүйө

Көз тойбой жүрүп өтөбүз

Ден соолук болуп өмүрдө

Кудайым өзү колдосун

Айкөлдүк сапат көп болуп

Таарыныч деген болбосун

Алдыга коюп максатты

Ой тилек менен жүрөлү

Таарынбай берген тагдырга

Ток пейил өмүр сүрөлү